| | |
|---|---|
| **Q-2024-0002** *(Документтин шифри)* **20** *(Беттин саны)* **07.03.2024** *(Бекитилген датасы)* | Ош мамлекеттик университети<br>**САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ**<br>**Ош мамлекеттик университетинде билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби жөнүндө жобо** |

**ОшМУнун ректорунун**
**07.03.2024 ж №1066-ФХД/24**
**буйругу менен**
**БЕКИТИЛДИ**

# Ош мамлекеттик университетинде билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби жөнүндө жобо

2024-жыл

| | |
|---|---|
| **Q-2024-0002** *(Шифр документа)* **20** *(Количество страниц)* **07.03.2024** *(Дата утверждения)* | Ошский государственный университет<br>**ПОЛИТИКА ОБЕСПЕЧЕНИЯ КАЧЕСТВА**<br>**ПОЛОЖЕНИЕ О ПОРЯДКЕ ЛИЦЕНЗИРОВАНИЯ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ В ОШСКОМ ГОСУДАРСТВЕННОМ УНИВЕРСИТЕТЕ** |

**УТВЕРЖДЕНО**
**приказом ректора**
**ОшГУ**
**от 07.03.2024 №1066-ФХД/24**

# ПОЛОЖЕНИЕ О ПОРЯДКЕ ЛИЦЕНЗИРОВАНИЯ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ В ОШСКОМ ГОСУДАРСТВЕННОМ УНИВЕРСИТЕТЕ

2024 год

**ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ**

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Ош мамлекеттик университетинде билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби жөнүндө жобо |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилген күнү | 2024-жылдын 16-февралындагы ОшМУнун Административдик кеңешинин № 17 протоколунун чечими менен, жактырылып, Окумуштуулар кеңешине бекитүүгө сунушталган. 2024-жылдын 1-мартындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин № 6 протоколунун чечими менен кабыл алынган. |
| Документтин шифры | Q-2024-0002 |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул документ ОшМУда билим берүү ишин лицензиялоонун жол-жоболорун, тартибин аныктап турат. Жобо университеттин сапатты камсыздоо системасынын документи болуп эсептелинет |

**ПАСПОРТ НОРМАТИВНОГО ДОКУМЕНТА**

| | |
|---|---|
| Название документа | Положение о порядке лицензирования образовательной деятельности в Ошском государственном университете |
| Инициация документа | Политика обеспечения качества ОшГУ |
| Тип документа | Положение |
| Дата утверждения | Одобрено и рекомендовано к утверждению на заседании административного совета ОшГУ 16 февраля 2024 года, протокол №17. Принято на заседании ученого совета ОшГУ 1 марта 2024 года, протокол № 6. |
| Шифр документа | Q-2024-0002 |
| Аннотация документа | Данный документ определяет процедуры, порядок лицензирования образовательной деятельности в ОшГУ. Положение является документом системы обеспечения качества университета. |

| ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ | | СОДЕРЖАНИЕ ДОКУМЕНТА | Страница |
|---|---|---|---|
| Титулдук барак | 1-бет | Титульный лист | 1 |
| Ченемдик документтин паспорту | 2-бет | Паспорт нормативного документа | 2 |
| Жалпы жоболор | 3-бет | Общие положения | 3 |
| Билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби | 5-бет | Порядок дицензирования образовательной деятельности. | 5 |
| Окуу-усулдук бирикмесинин ишмердиги | 5-бет | Деятельность учебно-методического объединения. | 5 |
| Лицензиялоо иштерин жүргүзгөн түзүмдүн ишмердиги | 5-бет | Деятельность структуры, осуществляющей лицензирование. | 5 |
| Билим берүү багытын лицензиялоонун тартиби жана шарттары | 6-бет | Порядок и условия лицензирования направления образования. | 6 |
| Квалификацияны жогорулатуу, кесиптик кайра даярдоо жана кошумча билим берүү курстарын лицензиялоонун тартиби жана шарттары | 7-бет | Порядок и условия лицензирования курсов повышения квалификации, профессиональной переподготовки и дополнительного образования. | 7 |
| Лицензиялардын реестри | 8-бет | Реестр лицензий | 8 |
| Жобону бекитүүнүн, өзгөртүүнүн жана жокко чыгаруунун тартиби | 8-бет | Порядок утверждения, изменения и отмены положения | 8 |
| Тиркеме | 9-бет | Приложение | 9 |
| | | | |

| | |
|---|---|
| **Q-2024-0002** | Ош мамлекеттик университети |
| *(Документтин шифри)* | САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ |
| **07.03.2024.** *(Бекитилген датасы)* | Ош мамлекеттик университетинде билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби жөнүндө жобо |

## Ош мамлекеттик университетинде билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби жөнүндө жобо

### 1-глава. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Ош мамлекеттик университетинде билим берүү ишин лицензиялоо тартиби жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) университетте билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензияларды берүүнүн, кайра тариздөөнүн, таануунун, токтотуп туруунун, кайра калыбына келтирүүнүн жана жокко чыгаруунун (мындан ары - лицензия) тартибин регламенттейт.

1.2.Университеттин түзүмдөрү билим берүү багыттары, квалификацияны жогорулатуу, кайра даярдоо курстары, кошумча билим берүү программалары, жалпы башталгыч, негизги, орто билим берүү боюнча билим берүүнү ишке ашыруу үчүн ушул Жобого ылайык лицензия алууга милдеттүү.

**Университеттин түзүмдөрү** - кафедралар, бөлүмдөр (жогорку мектептин базасындагы), предметтик циклдик комиссиялар, квалификацияны жогорулатуу борбору, лицейлер, гимназиялар, мектептер, ж.б.у.с. билим берүүнү ишке ашырып жаткан түзүмдөр;

**Билим берүү багыттары** - окутуунун формасына (күндүзгү, сырттан, күндүзгү сырттан (кечки), онлайн) карабастан билим берүүнүн бардык багыттары/адистиктери боюнча башталгыч, орто, жогорку, жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү программалары;

| | |
|---|---|
| **Q-2024-0002** *(Шифр документа)* | Ошский государственный университет |
| | ПОЛИТИКА ОБЕСПЕЧЕНИЯ КАЧЕСТВА |
| **07.03.2024.** *(Дата утверждения)* | Положение о порядке лицензирования образовательной деятельности в Ошском государственном университете |

## Положение о порядке лицензирования образовательной деятельности в Ошском государственном университете

### 1глава. Общие положения

1.1. Настоящее Положение «О порядке лицензирования образовательной деятельности в Ошском государственном университете» (далее Положение) регламентирует порядок выдачи, продления, признания, приостановления, восстановления и аннулирования лицензий (далее - лицензия) на осуществление образовательной деятельности в университете.

1.2. Структуры университета обязаны получить лицензию в соответствии с настоящим Положением на осуществление образовательной деятельности по направлениям образования, курсов повышения квалификации, переподготовки, программ дополнительного образования, общего начального, основного, среднего образования.

Здесь:

**структуры университета** - кафедры, отделения (на базе высшей школы), предметные цикловые комиссии, центры повышения квалификации, лицеи, гимназии, школы и т.д. структуры, осуществляющие образование;

**направления образования** - независимо от формы обучения (очная, заочная, очно-заочная (вечерняя), онлайн) по всем

| | |
|---|---|
| **Квалификацияны жогорулатуу курстары** - кесиптик квалификацияны жогорулатуу багытындагы окуу курстары;<br>**Кошумча билим берүү курстары** - анык бир тармак боюнча кошумча кесиптик билим берүү;<br>**Кесиптик кайра даярдоо курстары** – адистин жогорку билиминин негизинде кесибин же адистигин өзгөртүүчү кошумча кесиптик билим берүү.<br><br>1.3. Ушул Жобого ылайык билим берүү багыттарына, квалификацияны жогорулатуу, кайра даярдоо, кошумча билим берүү курстарына берилген лицензиялар ОшМУнун лицензия реестрине катталат жана аларга тастыктоочу атайын университеттик үлгүдөгү документ берилет.<br>1.4. ОшМУда билим берүү багытын мөөнөтсүз лицензиялоонун негизи катары төмөнкүлөр каралат:<br>✓ Билим берүү стандарты (мамлекеттик же ОшМУда иштелип чыгып, бекитилген);<br>✓ Негизги/ кесиптик билим берүү программасы<br>✓ Билим берүү стандарты жана негизги/ кесиптик билим берүү программасы иштелип чыгып, бекитиле элек учурда ОшМУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген эксперименталдык окуу планы;<br>✓ Билим берүү багытынын 5 жылдан кем эмес мөөнөткө аккредитацияланышы;<br>✓ Билим берүү программасына мониторинг<br>1.5. Квалификацияны жогорулатуу, кайра даярдоо жана кошумча билим берүү курстары (мындан ары - окуу курстары) үчүн 5 жылга мөөнөттүү лицензиялар берилет.<br>1.6. Окуу курстарын лицензиялоодо негиз катары төмөнкүлөр каралат:<br> Окуу курсунун программасы, усулдук иштелмеси;<br> Университеттин окуу-усулдук бирикмесинин тиешелүү | направлениям/специальностям образования, программам начального, среднего, высшего, послевузовского профессионального образования;<br>**курсы повышения квалификации** – учебные курсы, направленные на повышение профессиональной квалификации;<br>курсы дополнительного образования – дополнительное профессиональное образование по определенной отрасли;<br>**курсы профессиональной переподготовки** – это дополнительное профессиональное образование, осуществляющее смену профессии или специальности на основе высшего образования специалиста.<br>1.3. Лицензии, выданные в соответствии с настоящим положением на образовательные направления, курсы повышения квалификации, переподготовки, дополнительного образования, регистрируются в реестре лицензийОшГУ и выдаются подтверждающие документы специального университетского образца.<br>1.4. Основанием бессрочного лицензирования направления образования в ОшГУ рассматриваются:<br>- образовательный стандарт (государственный или разработанный и утвержденный в ОшГУ);<br>- программа основного/ профессионального образования;<br>- экспериментальный учебный план, утвержденный ученым советом ОшГУ на период, когда разработанные образовательный стандарт и программа основного/ профессионального образования еще не утверждены;<br>- аккредитация образовательного направления на срок не менее 5 лет;<br>- мониторинг образовательной программы.<br>1.5. Курсам повышения квалификации, переподготовки и дополнительного образования (далее- учебные курсы) лицензии выдаются сроком на 5 лет.<br>1.6. Основанием для лицензирования учебных курсов считаются:<br>- программа учебного курса, методическая разработка; |

| | |
|---|---|
| комитети тарабынан берилген оң пикир;<br> Окуу курсу боюнча билим берген окутуучулардын, тренерлердин, эксперттердин, кеңешчилердин, мастерлердин курамына коюлган талаптардын аткарылышы.<br>1.7.Билим берүү ишин лицензиялоонун процедураларын ушул Жобого ылайык уюштуруу, жүргүзүү, реестрге каттоо университеттин Билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу департаменти тарабынан жүргүзүлөт.<br>1.8. ОшМУда билим берүү ишин лицензиялык талаптарга ылайык келүүсүн аныктоо, лицензиялоо, лицензия берүүдөн баш тартуу, лицензияны токтотуу, жокко чыгаруу, алып салуу сунуштары ОшМУнун Окуу-усулдук бирикмеси тарабынан ОшМУнун окумуштуулар кеңешине жолдонот, окумуштуулар кеңешинде каралып, чечимдер кабыл алынып, ОшМУнун ректорунун буйругу менен бекитилет.<br>1.9. ОшМУда билим берүү ишин лицензиялоо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына, КРдин Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №654 “Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” 2024-жылдын 5-февралындагы №45 “Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомдоруна, КРдин 2023-жылдын 22-июнунда кабыл алынган “Билим берүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү | - положительное заключение, данное соответствующим комитетом учебно-методического объединения университета;<br>- выполнение требований, предъявляемых к составу преподавателей, тренеров, экспертов, консультантов, мастеров, осуществляющих образование по учебному курсу.<br>1.7.Организацию, проведение процедур лицензирования образовательной деятельности и регистрацию в реестре в соответствии с настоящим Положением осуществляет департамент стратегического планирования развития качества образования, научных исследований и инноваций университета.<br>1.8.Рекомендации по определению соответствия образовательной деятельности в ОшГУ лицензионным требованиям, лицензированию, отказу в выдаче лицензии, приостановлению, аннулированию, отзыву лицензии представляются учебно-методическим объединением ОшГУ на ученый совет ОшГУ, рассматриваются на ученом совете, принятые решения утверждаются приказом ректора ОшГУ.<br>1.9.Лицензирование образовательной деятельности в ОшГУ осуществляется на основании указа президента Кыргызской Республики № 243 “О мерах по повышению потенциала и конкурентоспособности образовательных организаций высшего профессионального образования Кыргызской Республики” от 18 июля 2022 года, постановлений Кабинета министров КР №654 “О внесении изменений в некоторые решения правительства Кыргызской Республики по приданию особого статуса государственным высшим учебным заведениям” от 21 ноября 2022 года, “О внесении изменений в некоторые постановления Правительства Кыргызской Республики, Кабинета Министров Кыргызской Республики по приданию особого статуса государственным высшим учебным заведениям” от 5 февраля 2024 года №45, “О внесении изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики по вопросам образования “от 22 |

| | |
|---|---|
| жөнүндө", 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган "Билим берүү жөнүндө" мыйзамдарына, Ош мамлекеттик университетинин "Окуу-усулдук бирикмеси жөнүндө", "Билим берүү стандарттарын иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн тартиби жөнүндө", "Эксперименталдык окуу пландарын иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн тартиби жөнүндө", "Негизги жана кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн тартиби жөнүндө", "ОшМУда лицензия берүү боюнча документтерди сактоонун тартиби", "Билим берүү программаларынын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жөнүндө" жоболордун жана ушул Жобонун негизинде жүргүзүлөт. | июня 2023 года, закона КР"Об образовании "от 11 августа 2023 года,положениий Ошского государственного университета "Об учебно-методическом объединении","Опорядке разработки и утверждения образовательных стандартов","Опорядке разработки и утверждения экспериментальных учебных планов", "О порядке разработки и утверждения основных и профессиональных образовательных программ","О порядке хранения документов по выдаче лицензий в ОшГУ", "О мониторинге эффективности образовательных программ" и настоящегоПоложения. |
| **2-глава. Билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби**<br><br>2.1. Окуу-усулдук бирикмесинин ишмердиги<br><br>2.1.1. Университетте билим берүү ишин лицензиялык талаптарга ылайык келүүсүн аныктоо, лицензиялоо, лицензия берүүдөн баш тартуу, лицензияны токтотуу, жокко чыгаруу, алып салуу чечимдерин кабыл алуу сунуштары университеттин окуу-усулдук бирикмеси (ОУБ) тарабынан даярдалат, университеттин окумуштуулар кеңеши тарабынан чечимдер кабыл алынып, ректордун буйругу менен бекитилет<br><br>**2.1.2. ОУБ төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырат:**<br><br> лицензиялык талаптардын аткарылышын талдоо, бүтүм чыгаруу;<br><br> лицензия берүү;<br><br> лицензия берүүдөн баш тартуу;<br><br> лицензияны токтотуу, жокко чыгаруу.<br><br>2.1.3. ОУБ билим берүү ишин лицензиялоо боюнча түшкөн өтүнмө | **2 глава. Порядок лицензирования образовательной деятельности**<br><br>2.1. Деятельность учебно-методического объединения<br><br>2.1.1. Предложения по принятию решений о выдаче лицензии, отказе в выдаче лицензии, приостановлении, аннулировании лицензии, определении соответствия образовательной деятельности в университете лицензионным требованиям готовятся учебно-методическим объединением университета (УМО), решения принимаются ученым советом университета и утверждаются приказом ректора.<br><br>**2.1.2. УМО осуществляет следующее:**<br><br>- анализ выполнения лицензионных требований, выдача заключения;<br><br>- выдача лицензии;<br><br>- отказ в выдаче лицензии;<br><br>- приостановление, аннулирование лицензии**.** |

| | |
|---|---|
| боюнча ушул Жобого ылайык лицензиялык талаптардын аткарылышына талдоо жүргүзөт. Билим берүү ишине лицензия берүү же лицензия берүүдөн баш тартуу деген чечим менен бүтүм чыгарып берет.<br><br>**2.2. Лицензиялоо иштерин жүргүзгөн түзүмдүн ишмердиги**<br><br>2.2.1. Билим берүү ишин лицензиялоону уюштуруу, жүргүзүү, реестрге каттоо университеттин Билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу департаменти (мындан ары - лицензиялоо түзүмү) тарабынан жүргүзүлөт.<br><br>2.2.2. Лицензиялоо түзүмүнүн милдеттерине жана ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:<br><br>-Лицензиялоо боюнча документ жүгүртүүнү камсыздоо жана түп нускасын тиешелүү тартипке ылайык сакталышын камсыздоо.<br><br>-Лицензиялоо порталын маалыматтар менен үзгүлтүксүз толукталышын камсыздоо.<br><br>- Лицензияны мөөнөтүнөн мурун ОУБдун чечиминин негизинде кайтарып алуу процедурасын жүзөгө ашыруу.<br><br>-Лицензия берүү процедурасынын жүзөгө ашыруу.<br><br>- ОшМУда билим берүүнү лицензиялоо ишмердигин жүргүзүүдө колдонулган атайын электрондук порталдын үзгүлтүксүз маалыматтар менен толтурулушун жүзөгө ашыруу.<br><br>- ОшМУда билим берүү ишине берилген лицензиялардын реестрин түзүү жана жүргүзүү.<br><br>2.2.3.Лицензиялоо түзүмү лицензиялоого байланыштуу документтерин түп нускасын “ОшМУда лицензия берүү боюнча документтерди | 2.1.3. УМО проводит анализ выполнения лицензионных требований в соответствии с настоящим Положением по поступившей заявке на лицензирование образовательной деятельности, выдает лицензию на образовательную деятельность или заключение с решением об отказе в выдаче лицензии.<br><br>**2.2. Деятельность структуры, осуществляющей лицензирование**<br><br>2.2.1. Департамент стратегического планирования развития качества образования, исследований, инноваций университета (далее - структура лицензирования) осуществляет организацию, проведение лицензирования образовательной деятельности, регистрацию в реестре.<br><br>2.2.2. В обязанности и полномочия лицензионной структуры входит:<br><br>- обеспечение документооборота по лицензированию и хранения оригиналов в соответствии с установленным порядком;<br><br>- обеспечение непрерывного пополнения информацией портала лицензирования.<br><br>- создание реестра лицензий и своевременное (регистрация) внесение соответствующей информации;<br><br>- осуществление процедуры досрочного отзыва лицензии на основании решения УМО;<br><br>- осуществление процедуры выдачи лицензии;<br><br>- осуществление регулярного информационного наполнения специального электронного портала, используемого при осуществлении деятельности по лицензированию образования в ОшГУ; |

| | |
|---|---|
| сактоонун тартиби” жөнүндөгү жобого ылайык сактайт.<br><br>**2.3. Билим берүү багытын лицензиялоонун тартиби жана шарттары**<br><br>2.3.1. Билим берүү багытына лицензия алуу үчүн төмөнкү документтер талап кылынат:<br><br>1) Ушул Жобонун тиркемесиндеги 1-электрондук формага ылайык толтурулган лицензия алууга арыз. Арыз билим берүү багытын жүзөгө ашыруучу түзүмдүн жетекчиси тарабынан жазылат жана билим берүү багытына лицензия алуу өтүнмөсүнүн официалдуу ээси (мындан ары - өтүнмөнүн ээси) катары таанылат.<br><br>2) Билим берүү багытын жүзөгө ашыруучу билим берүү программасынын (мындан ары ББП) негизги/ кесиптик билим берүү программасы (НББП / НКББП).<br><br>3) ББПнын мамлекеттик билим берүү стандарты же ОшМУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген билим берүү стандарты.<br><br>4) Билим берүү багытынын билим берүү стандарты жана НББП/ НКББП жок болгон учурда университеттин окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген билим берүү программасынын эксперименталдык окуу планы.<br><br>5) 2-электрондук формага ылайык ОшМУнун Академиялык иштер башкармалыгы тарабынан берилген ББП боюнча билим берүүнү жүзөгө ашыруу үчүн тиешелүү имараттардын, орундардын сыйымдуулук нормалары жана камсыздалышы жөнүндө (студенттердин чектүү санын көрсөтүү менен) маалымат.<br><br>2.3.2. 1-5-пункттарга ылайык документтер кыргыз же орус тилинде ОшМУда билим берүүнү лицензиялоо ишмердигин жүргүзүүдө колдонулган атайын электрондук портал (мындан ары - лицензиялоо порталы) аркылуу билим берүү багытына лицензия алуу үчүн | - создание и ведение реестра лицензий на образовательную деятельность в ОшГУ.<br><br>2.2.3. Структура лицензирования хранит оригиналы документов, связанных с лицензированием, в соответствии с Положением «О порядке хранения документов по выдаче лицензий в ОшГУ».<br><br>**2.3. Порядок и условия лицензирования образовательного направления**<br><br>2.3.1. Для получения лицензии на направление образования требуются следующие документы:<br><br>1) заявление на получение лицензии, заполненное согласно электронной форме 1 Приложения к настоящему положению. Руководитель структуры, осуществляющей образовательное направление, пишет заявление,признается официальным заявителем на получение лицензии образовательного направления (далее - заявитель).<br><br>2) Основная/профессиональная образовательная программа (ООП/ОПОП), реализующая образовательное направление (далее ООП).<br><br>3) Государственный образовательный стандарт или образовательный стандарт образовательной программы, утвержденный ученым советом ОшГУ.<br><br>4) Образовательный стандарт образовательного направления и экспериментальный учебный план образовательной программы, утвержденный ученым советом университета при отсутствии ОП/ ООП.<br><br>5) Информация, предоставляемая управлением по академическим делам ОшГУ в соответствии с электронной формой 2 об обеспеченности помещениями, местами, соответствующими |

| | |
|---|---|
| электрондук өтүнмө (мындан ары - өтүнмө) катары толтурулат, тиешелүү документтер жайгаштырылат. Өтүнмө катталган номери, билим берүү багытынын аталышы, өтүнмөнүн берилген күнү, өтүнмөнүн ээси жөнүндөгү маалыматтарды камтыган лицензиялоо порталындагы тизмеге жарыяланат. Ошондой эле өтүнмө кагаз түрүндө чыгарылып, арыз ээсинин колу коюлуп, документтердин түп нускасы Билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландаштыруу департаментинде (мындан ары – лицензиялоо түзүмү) сакталат, атайын журналга катталат.<br><br>2.3.3. Билим берүү багыттарына лицензиялык талаптар билим берүү программаларынын билим берүү стандарттарында көрсөтүлгөн талаптар болуп эсептелинет. Билим берүү түзүмүнүн ал талаптарга шайкештиги университеттин окуу-усулдук бирикмеси тарабынан аныкталат.<br><br>2.3.4.Лицензиялануучу билим берүү программасы квалификациялардын улуттук алкагында (национальная рамка квалификации) катталган жана мамлекеттик билим берүү стандарты болсо, же ОшМУда иштелип чыгарылып, бекитилген билим берүү стандарты болсо, анда лицензиялык талаптар аткарылгандыгы боюнча ОУБдун сунушунун, окумуштуулар кеңешинин чечиминин, ректордун буйругунун негизинде мөөнөтсүз жана ээликтен ажыратылбаган лицензия берилет.<br><br>2.3.5. Лицензиялануучу билим берүү программасынын билим берүү стандарты жок болгон учурда ОшМУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген эксперименталдык окуу планынын, лицензиялык талаптар аткарылгандыгы боюнча ОУБдун бүтүмүнүн негизинде билим берүү багытынын стандарттык окуу мөөнөтүнө жараша (баштапкы кесиптик билим берүү, интернатура - 1 жылга, орто кесиптик билим берүү 1 жыл 10 айдан 3 жыл 10 айга чейин, | нормам вместимости, для осуществления образования по ООП (с указанием предельной численности студентов).<br><br>2.3.2. Документы в соответствии с пунктами 1-5 заполняются на кыргызском или русском языках в виде электронной заявки на получение лицензии на образовательное направление (далее - заявка) и размещаются на специальном электронном портале (далее - портал лицензирования), используемом при осуществлении лицензирования образовательной деятельности в ОшГУ. Заявка с указанием регистрационного номера, наименования образовательного направления, даты подачи заявки, сведения о заявителе публикуется в перечне на портале лицензирования. Также заявка выпускается в бумажном виде, подписывается заявителем, оригиналы документов хранятся в департаменте стратегического планирования по развитию качества образования, исследований, инноваций (далее – структура лицензирования), регистрируется в специальном журнале.<br><br>2.3.3. Требования, установленные в образовательных стандартах образовательных программ, являются лицензионными требованиями. Соответствие образовательной структуры этим требованиям определяется учебно-методическим объединением университета.<br><br>2.3.4. Лицензируемой образовательной программе, зарегистрированной в национальных рамках квалификаций (НРК) и являющейся государственным образовательным стандартом или образовательным стандартом, разработанным и утвержденным в ОшГУ, при выполнении лицензионных требований выдается бессрочная и неотчуждаемая лицензия на основании предложения УМО, решения Ученого совета, приказа ректора. |

| | |
|---|---|
| бакалавр - 4 жылга, магисртатура - 2 жылга, медицина - 6 жылга) 1 жылдан 6 жылга чейинки мөөнөткө “мөөнөттүү лицензия” (мөөнөтү көрсөтүлгөн) берилет. Лицензия берилгенден тартып билим берүү программасынын стандарттык окуу мөөнөтү бүткөнгө чейинки жыл ичинде билим берүү стандарты, негизги/ кесиптик билим берүү программасы иштелип чыгарылышы шарт. Мөөнөтүндө аталган документтер иштелип чыгарылбаса лицензиялоо түзүмү тарабынан лицензия мөөнөтүнөн мурда кайтарылып алынат.<br><br>2.3.6.“Мөөнөттүү лицензия” берилген билим берүү багытына лицензияда көрсөтүлгөн мөөнөтү аяктаган соң, 5 жылдан кем эмес мөөнөткө ийгиликтүү аккредитацияланышынын, “Билим берүү программаларынын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жөнүндө жобого” ылайык мониторингдин негизинде мөөнөтсүз жана ээликтен ажыратылбаган лицензия берилет.<br><br>**2.4.Квалификацияны жогорулатуу, кесиптик кайра даярдоо жана кошумча билим берүү курстарын лицензиялоонун тартиби жана шарттары**<br><br>2.4.1. Квалификацияны жогорулатуу, кайра даярдоо жана кошумча билим берүү курстарын лицензиялоо (мындан ары - Окуу курсу) үчүн төмөнкү документтер суралат:<br><br>1) Ушул Жобонун тиркемесиндеги 1-формага ылайык толтурулган лицензия алууга арыз. Арыз билим берүү багытын жүзөгө ашыруучу түзүмдүн жетекчиси тарабынан жазылат жана билим берүү багытына лицензия алуу өтүнмөсүнүн официалдуу ээси (мындан ары - өтүнмөнүн ээси) катары таанылат<br><br>2) Окуу-усулдук бирикменин тиешелүү комитетинин макулдугу менен бекитилген окуу курсунун программасы, усулдук иштелмеси, тиешелүү тренерлердин тизмеси.<br><br>2.4.2.Жогорудагы 2.4.1. параграфтын 1-2-пункттарына ылайык | 2.3.5. При отсутствии образовательного стандарта лицензируемой образовательной программы на основании заключения УМО о выполнении лицензионных требований, экспериментального учебного плана, утвержденного ученым советом ОшГУ, в зависимости от стандартного срока обучения образовательного направления (начальное профессиональное образование, интернатура - 1 год, среднее профессиональное образование от 1 года 10 месяцев до 3 лет 10 месяцев, бакалавриат - 4 года, магистратура - 2 года, медицина - 6 лет) 1 выдается “срочная лицензия” (с указанием срока) на срок от 1 года до 6 лет. Образовательный стандарт, основная/профессиональная образовательная программа должны быть разработаны в течение года с момента выдачи лицензии до окончания стандартного периода обучения образовательной программы. Если указанные документы не разрабатываются в установленные сроки, лицензионная структура отзывает лицензию досрочно.<br><br>2.3.6. По истечении срока лицензии направлению образования на основании успешной аккредитации на срок не менее 5 лет, мониторинга в соответствии с «Положением о мониторинге эффективности образовательных программ» выдается бессрочная и неотчуждаемая лицензия.<br><br>**2.4. Порядок и условия лицензирования курсов повышения квалификации, профессиональной переподготовки и дополнительного образования**<br><br>2.4.1. Для лицензирования курсов повышения квалификации, переподготовки и дополнительного образования (далее – учебный курс) запрашиваются следующие документы:<br><br>1) заявление на получение лицензии, заполненное в соответствии с формой 1 Приложения к настоящему положению. Руководитель структуры, осуществляющей образовательное направление, пишет |

| | |
|---|---|
| документтер кыргыз же орус тилинде даярдалат. ОшМУда билим берүүнү лицензиялоо ишмердигин жүргүзүүдө колдонулган атайын электрондук порталга Окуу курсуна лицензия алуу үчүн электрондук өтүнмө (мындан ары өтүнмө) катары жүктөлөт. Лицензиялоо порталындагы өтүнмөлөрдүн тизмесине жарыяланат. Ошондой эле өтүнмөнүн кагаз түрүндөгү түп нускасы лицензиялоо түзүмүндө сакталат, атайын журналга катталат.<br><br>2.4.3. Квалификацияны жогорулатуу, кайра даярдоо жана кошумча билим берүү курстарын лицензиялоодо университеттин окуу-усулдук бирикмесинин тиешелүү комитети Окуу курсунун мазмунун жана усулдук иштелмесин экспертизалайт. Комитеттин экспертизалык бүтүмүнүн негизинде ОУБ лицензия берүү чечимин колдоп берүү сунушун университеттин окумуштуулар кеңешине жолдойт. Окумуштуулар кеңешинде кабыл алынган чечим ректордун буйругу менен бекитилип, тиешелүү окуу курсуна 5 жылга лицензия берилет. | заявление, признается официальным заявителем на получение лицензии образовательного направления (далее - заявитель).<br><br>2) Программа учебного курса, методическая разработка, список тренеров, одобренные и утвержденные соответствующим комитетом учебно-методического объединения.<br><br>2.4.2. Документы, указанные в 1-2 пунктах параграфа 2.4.1., готовятся на кыргызском или русском языках. Электронная заявка на получение лицензии на учебный курс (далее-заявка) загружается на специальный электронный портал, используемый при осуществлении лицензирования образовательной деятельности в ОшГУ, публикуется в списке заявок на портале лицензирования. Также оригинал заявки в бумажном виде хранится в структуре лицензирования, регистрируется в специальном журнале.<br><br>2.4.3. При лицензировании курсов повышения квалификации, переподготовки и дополнительного образования соответствующий комитет учебно-методического объединения университета проводит экспертизу содержания и методической разработки учебного курса. На основании экспертного заключения комитета УМО направляет предложение о выдаче лицензии ученому совету университета. Решение, принятое на ученом совете, утверждается приказом ректора, и учебному курсу выдается лицензия сроком на 5 лет. |
| **3. Лицензиялардын реестри**<br><br>3.1. ОшМУда билим берүү багыттарына берилген лицензиялар ушул Жободо белгиленген тартипке ылайык ОшМУда берилген лицензиялардын реестрине (мындан ары – реестр) киргизилет. | **3. Реестр лицензий**<br><br>1.Лицензии, выданные направлениям образования ОшГУ, включаются в реестр лицензий, выданных в ОшГУ (далее – реестр), в соответствии с порядком, установленным настоящим |

| | |
|---|---|
| 3.2.Реестр берилген лицензиялардын болушун, ошондой эле алардын укуктук статусун ырастаган бирден бир расмий булак болуп саналат.<br><br>3.3.Лицензиялоо түзүмү реестрди түзүү жана жүргүзүүнү кагаз жүзүндө жана ОшМУнун атайын Санариптик реестр платформасы аркылуу электрондук түрдө жүргүзөт.<br><br>3.4. Реестрде төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт:<br><br>1) Реестрдеги жазуунун номери<br><br>2) Лицензиянын каттоо номери<br><br>3) Билим берүү иши жүзөгө ашырылуучу дарек<br><br>4) Билим берүү багытынын/ адистигинин шифри<br><br>5) Билим берүү программасынын аталышы<br><br>6) Студенттердин чектик саны<br><br>7) Окутуу формасы<br><br>8) Лицензияны берүү негизи<br><br>9) Лицензия берилген дата<br><br>10) Лицензиянын бланкынын номери жана сериясы<br><br>11) Лицензиянын колдонулушун токтотуунун негизи жана мөөнөтү<br><br>12) Лицензиянын колдонулушун калыбына келтирүүнүн негизи жана датасы<br><br>14) Дарегинин өзгөргөндүгү жөнүндө маалыматтар<br><br>15) Дубликатты берүүнүн негизи жана датасы | Положением.<br><br>3.2. Реестр является единственным официальным источником, подтверждающим наличие выданных лицензий, а также их правовой статус.<br><br>3.3. Структура лицензирования осуществляет создание и ведение реестра в бумажном варианте и в электронном виде через специальную платформу цифрового реестра ОшГУ.<br><br>3.4. В реестре отображаются следующие сведения:<br><br>1) номер записи в реестре;<br><br>2) регистрационный номер лицензии;<br><br>3) адрес места осуществления образовательной деятельности;<br><br>4) шифр направления образования/ специальности;<br><br>5) наименование образовательной программы;<br><br>6) предельное количество студентов;<br><br>7) форма обучения;<br><br>8) основание для выдачи лицензии;<br><br>9) дата выдачи лицензии;<br><br>10) номер и серия бланка лицензии;<br><br>11) основание и срок прекращения действия лицензии;<br><br>12) основание и дата восстановления действия лицензии;<br><br>14) сведения об изменении адреса;<br><br>15) основание и дата выдачи дубликата. |

| | |
|---|---|
| | |
| **4.Жобону бекитүүнүн, өзгөртүүнүн жана жокко чыгаруунун тартиби**<br>Ош мамлекеттик университетинде билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби жөнүндөгү ушул Жобону кабыл алуу чечими университеттин окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынат, ректордун буйругу менен бекитилет. Зарылдыкка жараша өзгөртүүлөр, толуктоолор окумуштуулар кеңешинин чечими менен киргизилет. Жобонун мазмунундагы өзгөртүүлөр 30%дан көп болгон учурда ушул Жобо толугу менен жокко чыгарылат. | **4. Порядок утверждения, изменения и отмены положения**<br>Решение о принятии настоящего «Положения о порядке лицензирования образовательной деятельности в Ошском государственном университете» выносится ученым советом университета, утверждается приказом ректора. По мере необходимости решением Ученого совета вносятся изменения, дополнения. В случае изменения содержания положения более чем на 30% настоящее положение полностью аннулируется. |
| | |
| | |

**ТИРКЕМЕ**

**1-электрондук форма**

Билим берүү ишине лицензия алуу жөнүндөгү арыз

**ОшМУнун ректору**

ректордун аты-жөнү

**АРЫЗ**

Төмөндө көрсөтүлгөн билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензия берүүнү суранам.

*(структуранын аталышы)*

*(лицензияланууучу билим берүү багытынын аталышы)*

**Лицензияланууучу билим берүү иши үчүн керектүүлөр көрсөтүлсүн**

- башталгыч кесиптик билим берүү
- орто кесиптик билим берүү
- жогорку кесиптик билим берүү
- жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү
- кошумча кесиптик билим берүү
- кесиптик кайра даярдоо
- квалификацияны жогорулатуу

*билим берүү багытына тиешелүү программалардын аталыштары (профили)* | *шифри* | *квалификациясы* | +

- күндүзгү
- сырттан
- күндүзгү сырттан
- онлайн

*Арыз ээсинин аты-жөнү*

*Арыз ээсинин электрондук почтасынын дареги*

*Арыз ээсинин телефон номери*

*Толтурулган күнү*

**ПРИЛОЖЕНИЕ**

**электронная форма1**

заявление на получение лицензии на образовательную деятельность

**Ректору ОшГУ**

ФИО ректора

**ЗАЯВЛЕНИЕ**

Прошу выдать лицензию на указанную ниже образовательную деятельность .

*(название структуры)*

*(название лицензируемого направления образования)*

**Указать необходимые для лицензируемой образовательной деятельности**

- начальное профессиональное образование
- среднее профессиональное образование
- высшее профессиональное образование
- послевузовское образование
- дополнительное профессиональное образование
- профессинальная переподготовка
- повышение квалификации

*Названия программ (профилей) соответствующих направлению образования*

*шифр*

*квалификация*

+

- дневная
- заочная
- дневная заочная
- онлайн

*ФИО заявителя*

*Адрес электронной почты заявителя*

*Номер телефона заявителя*

*Дата заполнения*

**Документтин үлгүсү**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЛИЦЕНЗИЯ**

Каттоо номери № ___ 20___-жылдын "__" _______

Структуранын аталышы:

___________________________________

Багыттын / адистиктин шифри

___________________________________

Багыттын / адистиктин аталышы

___________________________________

___________________________________

Программанын аталышы ______________

___________________________________

Лицензиянын колдонулуу мөөнөтү:

__________________

Негизи:

___________________________________

___________________________________

Жайгашкан жери:

___________________________________

ОшМУнун ректору _____________________

М.О.

Лицензиянын сериялык номери:
Аныктыгын текшерүү:

Реестрге шилтеме

QR code

**ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ**

**ЛИЦЕНЗИЯ**

Регистрационный № _____
от "___" _______ 20 ____ г.

Наименование структуры:

___________________________________

Шифр направления/специальности:

___________________________________

Наименование направления/специальности:

___________________________________

Наименование программы:

___________________________________

___________________________________

Срок действия лицензии:

___________________________________

Основание:

___________________________________

___________________________________

Расположение:

___________________________________

Ректор ОшГУ: _________________________

М.П.

Серийный номер лицензии:
Проверка подлинности:

Ссылка не реестр

QR code

**Образец документа**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЛИЦЕНЗИЯ**

Каттоо номери № ___ 20___-жылдын "__" _______

Структуранын аталышы:

_________________________________________

Багыттын / адистиктин шифри

_________________________________________

Багыттын / адистиктин аталышы

_________________________________________

_________________________________________

Программанын аталышы ______________

_________________________________________

Лицензиянын колдонулуу мөөнөтү:

_____________________

Негизи:

_________________________________________

_________________________________________

Жайгашкан жери:

_________________________________________

ОшМУнун ректору ________________________

М.О.

Лицензиянын сериялык номери:

Аныктыгын текшерүү:

Реестрге шилтеме

QR code

**ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ**

**ЛИЦЕНЗИЯ**

Регистрационный номер № _____
от "___" _______ 20 ____ г.

Наименование структуры:

_________________________________________

Шифр направления/специальности:

_________________________________________

Наименование направления/специальности:

_________________________________________

Наименование программы:

_________________________________________

_________________________________________

Срок действия лицензии:

_________________________________________

Основание:

_________________________________________

_________________________________________

Адрес;

_________________________________________

Ректор ОшГУ:

_____________________________

М.П.

Серийный номер лицензии:

Проверка подлинности:

Ссылка на реестр

QR code